
# Бай карагай



Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

# Бай карагай

Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бай карагай" (кыргыз тилинде), автор Анара Ажынаева, сүрөтчү Мунара Абдукахарова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир жолу атам, эжем жана мен үчөөбүз отунга бардык. Отун терип бүтүп, эс алганы аябай чоң, бутактары ийилип жерге чейин жеткен карагайдын алдына отуруп калдык.

– Жоомарт, карасаң, абдан чоң карагай экен, – деди Сайкал эжем.

– Мындай карагайды «Бай карагай» деп коёт, – деди атам.

Бир маалда көзүмө алтын түстөгү бир нерсе көрүндү.

– Ой, Сайкал эже, тээтиги эмне? – дедим.

– Кайсы? Кана? Мен эч нерсе көргөнүм жок, – деди эжем.

Мен эки жагымды карап табышмактуу жандыкты таппай калдым. Бирубакта кыпкызыл дагы бирөөнү көрдүм.

– Тигине, тигине! – деп кыйкырып жибердим.

– Мен эч нерсе көргөн жокмун, Жоомарт, жөн эле бир нерселерди айтпачы, – деди эжем.

– Кебетелери бир укмуш экен, ээ, – деген бейтааныш үндөр угулду.

– Жоомарт, сен бул үндү уктуңбу? – деди эжем.

– Эмнени эле айтып жатасыңар? Мага эч нерсе угулбай эле, – деди атам таң кала.



Бир мезгилде укмуш жандыктар карагайдын үстүңкү бутагынан акырын баш бакты. Эжем болсо чаңырып атамды кучактап калды.

– Ой, эмне болуп кетти? – деп атам чочуп кетти.

Бою эки карыштай, денеси сүйрү, чекесинде бир көзү бар, чачы бою менен тең жандыктар пайда болду. Чачтын ар бир учу кыймылдайт экен, бирөөнүн өңү сапсары, бирөөнүн өңү кыпкызыл жылтырак жандык маңдайыбызга келип калды. Алардын буту-колу жок, чачынын учтары менен бактын бутактарын кармап учуп жүргөн сымал кыймылдашат экен.

– Балдар, коркпогула, биз силердин досуңарбыз, – дешти жандыктар адамча сүйлөп.

– Силер кимсиңер? Кайдан чыктыңар? Мен мындай жандык көргөн эмесмин! – дедим.

– Ой, балдарым, ким менен сүйлөшүп жатасыңар? – деп атам таң калды.

– Балдар, коркпогула, биз эч кимди коркуткубуз келбейт, – деди жанагы табышмактуу жандык.

– Бизди кичинекей балдар гана көрө алат. Өзүбүз кааласак көрүнөбүз, – деп кызыл жандык чачынын учу менен атамдын көзүнө суюктук чачып жиберди.

– Ой, бул эмне? Кандай кереметтүү жандык? – деп атам жандыкты колуна ала койду.

– Ий-ий, кытыгым келип кетти, – деди күлүп жандык.

– Эмне дейт! – деп атам чочуп кетти.

Атамды көрүп биз каткырып жибердик.





– Менин атым Ахел, – деди сары жандык.

– А мен болсом Тити, – деди кызыл жандык чачынын учтары мененөзүн жаңсап.

– Бай карагай – биздин үйүбүз. Жүргүлө, жашаган жерибизди көрсөтөлү, – деп Ахел карагайдын түбүндөгү коңулду көрсөттү.

– Силердин боюңар кичинекей турбайбы. Биз бул жакка батпайбыз да, – дедим.

Тити чачы менен кызыл суюктукту бизге чачып жиберди. Биз акырын кичирейип, Ахел менен Титиге тең болуп калдык. Жакындан караганда, көздөрү ушунчалык сулуу жандыктар экенин байкадым.

Тешикке киргенде, ушунчалык жаркыраган жарыктан көзүбүз уялды. Ал бай карагайдын ичинде башка дүйнө бар экен. Карагайдын так ортосунда жылтырак суюктук агып турат. Жаңы дүйнөнүн жашоочулары Ахел менен Титиге окшош, бирок өңдөрү ар бириники ар башка, жалтырап күйүп турат. Ал жандыктар баары ошол суюктук менен тамактанышат экен.



Биз кирип барганда баары коркуп ызы-чуу боло түшүштү. Жаркыраган суюктук акпай токтоп калды. Бай карагайдын жашоочуларынын жаркырап күйүп турган жарыгы өчө баштады. Карагайдын ичи караңгы болуп калды. Жалгыз гана Ахел менен Тити өчкөн жок.

– Бул жерге адамдар кайдан келген? – деп корккон үндөр күчөй баштады.


– Коркпогула, силерге эч нерсе кылбайбыз, – деп кыйкырды атам.

Үндөр басылып калды.

– Адамдар өзүнүн жолундагы жандыктын баарын жок кылат деп укканбыз. Эми биздин үйүбүздү да кыйып кетет турбайсыңарбы? – деди бирөөсү.

– Бул адамдардын эч кандай жаман ою жок, – деди Ахил.

– Алар бизди көрүп, сүйлөшкөнүбүздү угушту. Аталарыбыздын керээзин эстеп, бул адамдарды үйгө ээрчитип келдик, – деди Тити.



Ары жактан акырын баскан бир кары жандык жакындап келди.

– Балдарым, менин атым Ончо. Мен баарынын атасы болом. Ахел менен Тити – менин урпактарым. Мен кичинекей кезимде жалгыз калгам. Мага бир адам баласы жардам берип, Бай карагайга алып келген. Ал кезде чоң карагай кичинекей балаты болчу. Эгер сени көрүп калган адам болсо, ал менин урпактарым деген эле. Андан бери миң жылдан ашты. Ошондон бери биринчи жолу бизди көрө алган адамдар силер болдуңар, – деди карыя.

– Балдарым, силер адамдар коркунучтуу деп ойлобогула. Алардын жүрөгү таза, ак көңүл болушат, – деди Ончо акырын жөтөлүп.

Ончонун сөзүн угуп, баары четинен жаркырап күйө башташты. Токтоп калган жылтырак суу кайрадан жанданып агып калды. Көрсө, алар корккондо, урушканда жана калп айтканда күйбөй калат экен. Алар күйбөй калса, сыйкырдуу суусу да токтоп калат турбайбы.



Ошентип, жандыктар укмуштуу дүйнөсү менен тааныштырып, кайрадан өз үйүбүзгө узатып коюшту.

Ошондон бери аларды кайра көрүп калабызбы деп, бай карагайга улам-улам келип турабыз.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли